*Алло, угуп жатабыз, түз байланыш!*

**Кыргыз-Түрк "Манас" университетинин ректору, профессор, математика илимдеринин доктору Себахаттин БАЛЖЫ:**

# "МЕН КЫРГЫЗСТАНДЫ ӨЗ МЕКЕНИМДЕЙ СҮЙӨМ"



**Жайнагүл АЛЫМБЕКОВА, Бишкектен:**

***- Сиздердин университетте канча адистик даярдалат? Алардын канчасы магистратура, канчасы докторантурага калат?***

- Университет батыш системасы менен түрк тажрыйбасында иштеген окуу жай. Биздин диплом КМШ өлкөлөрүнө эле эмес, Батыш өлкөлөрүнө да таанылган. Бизде 9 факультет, 5 жогорку мектеп бар. Магистратурада 19, докторантурада 14 программа бар.

***- Сиздердин университетте контракт жокпу?***

- Контракт жок, баарын бекер окутабыз. Студенттер конкурс менен өтүп келет. Студенттерге жатакана, ийгиликтүү окугандарына стипендия беребиз. Жатакана десек да болбойт го, бардык шарты менен 1364 жатчу жай студенттерге берилген.

**Замира МУРАТАЛИЕВА, Талас районунан:**

***- Себахаттин мырза, саламатсызбы? 20 жылдан бери иштеген сиздердин университет Кыргызстанда орун алган "Себат" билим берүү борбору менен байланышы барбы? Экинчи суроом, Кыргызстандагы ЖОЖдордун арасында рейтинги канчалык?***

- Кыргызстан менен Түркиянын ортосундагы кызматташтыктын биринчи жемиши ушул биздин университет. Ал мамлекеттик болуп эсептелет. Биз окуу жайга алыш үчүн Бишкекте жана Ошто кирүү экзамендерин уюштурабыз. Жылына 8 миңдей абитуриент тапшырса, анын 1300үн гана алабыз. Алар өз күчү менен гана өтүшөт, андан башка жол жок. Университеттин баа-баркын айтсам, Кыргызстандын эле ичинде эмес, Орто Азиянын ичинде беш мыкты университеттин бирине кирип, эл аралык брендин сактап келатат.

***- Кыргыз тилин кантип үйрөнүп алдыңыз?***

- Мен Кыргызстанда өз бир туугандарым менен жашайм. Алар менен түз байланыш түзүш үчүн кыргыз тилин 3 айда үйрөндүм. Негизи биз бир эненин тилинде сүйлөйбүз. Тилде окшоштук көп, анүстүнө иштеген өлкөндө ошол элди сыйлап, тилин, дилин билиш кажет.

**Айнагүл ЖЭЭНТАЕВА, Чүйдөн:**

***- Сиздердин университетте канча кызматкер иштейт? Анын канчасы түрктөр, канчасы кыргыздар?***

- Жалпысынан миңден ашык кызматкер иштейт. Анын 20%дайы Түркиядан келген бир туугандар. 800дөй кызматкер Кыргызстандын жарандары. 5 миңдей студенттин 80%ы кыргызстандыктар. 12%ы Түркиядан келгендер, калган 8%ы Орто Азия мамлекеттеринен келген студенттер.

**- Райгүл ЖЕТИГЕНОВА, Бишкектен:**

***- Себахаттин мырза, сизге Кыргызстандын эмнеси жагат, эмнеси жакпайт?***

- Кыргызстан биздин Ата Мекенибиз. Мен Кыргызстанга биринчи келгенден баштап өзүмдү Мекенимде жүргөндөй сездим. Кыргызстанда жакпай калган эч нерсе жок. Бирок, кыйын иштер болот. Ал ар бир жерде эле бар. Негизгиси, Кыргызстанда жашаган адамдардын жүрөгү таза, кыргыз бир туугандардын каадасалты, тамак-ашы бизге окшош. Мага Кыргызстан, андагы адамдар абдан жагат. Өтө ачык өлкө.

***- Университетте биринчи кыргыз тилинде окутулабы же түрк тилиндеби?***

- Биздин негизги максатыбыз – кыргыз тилинин өнүгүшү, анын күчтүү болушу. 25 жыл мурда кыргыз тилин өнүктүрүү курч болуп турганда, биздин университет көп китептерди кыргыз тилинде чыгарды, студенттерди тарбиялады, кыргыз тилинде сабак берген мугалимдерди иштетти. Кыргыз тилин өнүктүрүү боюнча биз көп жардамдарды бердик. Экинчиден, албетте, түрк тилинде да сабак беребиз. Түрк дүйнөсүнүн биримдиги, ортодогу байланышты күчтүү кылыш үчүн түрк тилин билүү керек. Түркияда азыр 2 миңдей кыргыз жараны бар. Анын көпчүлүгү "Манас" университетин бүтүрүшкөн же түрк тилин үйрөнүү курстарынан өтүшкөн.

**АЙНУРА, Бишкектен:**

***- Ректорго суроо берейин дедим эле. Бишкектеги эл аралык университеттерден "Манас" университетинин аты эмнеге чыкпайт? Акыркы жылдары көп угулбай калды.***

- 20 жылдык тарыхы бар жаш университет болсо дагы көп тажрыйбага ээ болду. Кыска мөөнөттө эл аралык деңгээлге чыкты. Кыргызстан ЖОЖдорунун ичинде "эл аралык деңгээлдеги университет" брендине ээ болду. Атыбыз бүт дүйнөгө, дипломубуз көп өлкөлөргө таанылган. Бүтүрүүчүлөрдүн 85%ы өз кесиби менен 32 мамлекетте иштешет.

***- Айтайын дегеним, Бишкекте эл аралык башка университеттерге караганда өзүңөрдү жарнама кылбайсыңар.***

- Сиздин бул айтканыңызга рахмат. Жарнаманын өзү эле - жылыга тапшыргандардын санынын көптүгү. Кыргызстанда эле эмес, бизди көп чет өлкөлөрдө да таанышат. Кечөөлөрдө реклама кылышты эми колго алабыз.

**АЛТЫНАЙ, Манас районунан:**

***- Себахаттин Балжы, Кыргыз-Түрк "Манас" университетинде Камкорчулар кеңеши бар экенин уктум. Анын курамы кимдерден куралган, алар эмне иш аткарышат?***

- Албетте эң чоң университетте Камкорчулар кеңеши болот. Анын 4 мүчөсү Кыргызстандан, 4 мүчөсү Түркиядан. Кыргызстандан болгон 4 мүчө: премьер-министр, вице-премьер-министр, Билим берүү, илим министри жана Бишкек шаарынын мэри. Түркиядан болгон 4 мүчө: премьер-министрдин пресс-катчысы жана калган үчөө тең жогорку мекемелерде иштеген жетекчилер. Алардын негизги максаты – университеттин өнүгүшү боюнча пландарды кабыл алат, мыйзамдардын, университеттеги долбоорлордун чыгарылышы, билим берүү иштеринде программалардын кабыл алынышы, факультеттердин, жогорку мектептердин, кафедралардын ачылышы, бюджеттин кабыл алынып, чечилиши Камкорчулар кеңешинин иши.

***- Алар университеттеги кадр маселесине кийлигише алабы?***

- Университеттин кайсы мекемесинде, кайсы кафедрасында, кайсы факультетинде канча киши иштеши керектиги Камкорчулар кеңешинин иши. Калган иштер ректораттын, сенатордун, башкаруу комитетинин иши. Биздин ишибиз ачык-айкын. Бизге мугалимдер конкурс менен гана келет.

**БАЗАРБАЙ, Баткенден:**

***- Силер мамлекеттин, "Себат" окуу жайы оппозициянын акчасынан каржыланат деп угабыз. Эгер биздин балдар "Себатты" окуп бүтсө, кийин Кыргыз-Түрк "Манас" университетине кабыл алынабы?***

- "Себат" окуу жайы менен байланышыбыз жок. Алар менчик мекеме катары иштейт. Биз Батыштын, Чыгыштын, Түркиянын, Кыргызстандын тажрыйбасын пайдаланып, жаңы модель менен иштейбиз. Алар өз, биз өз жолубуз менен.

**ЖЫЛДЫЗ, Бишкектен:**

***- Ректор мырзага жөнөкөй эле суроо берейин дедим эле. Сиз Кыргызстанда тойлорго көп барсаңыз керек. Биздеги тойлор сизге ашыкча болуп жаткандай көрүнбөйбү?***

- Тойлор бул эң жакшы күндөр. Достор менен тойлордо болобуз. Бирок той деп эле ысырапкорчулукка жол бербөө керек. Бул жерде жаманчылыкта да дасторкон толо болот. Түркияда жакшылык-жамандыкка мынчалык ысырап жок. Жамандык-жакшылыктагы ысырапчылык боюнча элге өрнөк болсун деп, биз азыр бир долбоордун үстүндө иштеп жатабыз. Балким 2-3 айдын ичинде даяр болуп калат.

**Бактыбек ИМАНАЛИЕВ, Токмоктон:**

***- Ректор мырзага суроом бар эле, айтсаңыз, кыргыз-түрк кызматташтыгын дагы кандай кылып бекемдесек болот?***

- Биз эки бир тууган боордош мамлекетпиз. 1991-жылы Кыргызстан эгемендикке жетишкенден кийин байланыш чыңдалды. Эки өлкөнү жакындаштыруунун эң чоң долбоору Кыргыз-Түрк "Манас" университети болду. Ошондо жаштарды, мугалимдерди, жетекчилерди бириктирип, жаңы муунду окутуп, тарбиялап чыгууга жаңы кадам таштаганбыз. Анын жемиши зор болду. Азыркы учурда экономиканы көтөрүү үчүн Түркиядан келген 500дөй бизнесмендер, компаниялар бар. Алар бул жактагы экономиканы көтөрүүгө өз салымдарын кошуп жатышат. Кыргыздар дагы эгемендик жылдарында Түркияга баймабай катташуууда. Барып иштеген кыргыздар дагы Түркияда өз салымдарын кошуп жатышат. Ушул тапта күнүгө 4 учак менен Түркия-Кыргызстан жарандары ары-бери учуп турушат. Жүрөктөр, сезимдер бир болсо, келечекте баары жакшы болот деп ойлойм.

**Бурмакан САТЫБАЛДИЕВА, Бишкектен:**

***- Кыргыз-Түрк "Манас" университетинде кыргыздын мыкты интеллигенттери иштешет. Алардын материалдык жактан колдоо, мисалы турак жай менен камсыздоо болобу?***

- Сиз айткандай, биздин университет өтө сапаттуу иштеген интеллигенттерге бай, биз алар менен сыймыктанабыз. Түркиядан дагы 26 университеттен тандалып келген мугалимдерибиз бар, алар үчүн да кубанабыз. Андан башка, 6 мамлекеттен да тандалып келген мугалимдер бар. Булар илим-билим берүүдө чоң күч. Биз мугалимдер үчүн бардык шарттарды түзүп беребиз, алар сапаттуу билим берип, Кыргызстандын өнүгүп-өсүүсүнө, келечегине, элинин жыргалчылыгына салым кошот деп ишенебиз. Биздин бараткан миссиябызда эч кандай кемчилик жок.

Себахаттин мырза, бизге келип, окурмандардын суроолоруна жооп бергениңиз үчүн ыраазычылык билдиребиз.

**Сымбат МАКСУТОВА**